УДК: 394(572.2)(04)

М. ЖУМАГУЛОВ
M.ZHUMAGULOV
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

## БОЗ ҮЙ – ЭЛДИК АРХИТЕКТУРАЛЫК МУРАС

## БОЗ ҮЙ – ISNATIONAL ARCHITECTURAL HERITAGE

*Макалада көчмөн кыргыздардын маданиятынын түзүмүндөгү боз үйдүн архитектуралык мурас экендиги көрсөтүлөт.*
***Ачкыч сөздөр:** көчмөндөр маданияты, боз үй, архитектуралык мурас.*

*В статье боз үй рассматривается как архитектурное наследие кочевников-кыргызов.*
***Ключевые слова**: кочевая культура, боз үй, архитектурное наследие.*

*In this article боз үй is considered as an architectural heritage, the Kyrgyz nomads.*
***Keywords**: nomadic culture, boz ui, architectural heritage.*

Маданий-цивилизациялык мейкиндикте жана социалдык убакытта дүйнө элдеринин, айрыкча көчмөн калктардын, алардын арасында кыргыздардын маданияты, дүйнө таанымы, реалдуулукту түшүнүүсү нечендеген кылымдарда карама-каршылыктуу өнүгүп, сандык өзгөрүүлөрдөн сапаттык жаңылануударга өтүп, ырааттуу тануударды, танылууларды, руханий асылдыктар түзүмүн өзүнө сиңирип, муундан-муунга берилип, табигый, социалдык шарттар менен жалгашып турааары мыйзамдуу көрүнүш. Элибиздин байыртадан бери эле көчмөн цивилизациянын алып жүрүүчүсү катары асманды - чексиздиктин, түбөлүктүүлүктүн; тоону - акылмандыктын, бийиктиктин, тереңдиктин туюнтулушу; сууну -турмуштун, жашоо-тиричиликтин соолбос булагы; мелмилдеген көз жеткис талаа - түздү - жердеги жандуу болмуштун образы, символу иретинде кабыл алышып, адамды «кичине космос», ал эми ааламды «чоң космос» түрүндө түшүнүүсү дүйнө караштын өзөгүн түзгөн. Мындай жагдайда көчмөн кыргыздардын дүйнө таанымы алардын реалдуулукка карата көз караштарынын системасынын баалуу көрүнүшү, натыйжасы болуу менен социотабигый, социомаданий чөйрөлөрдө пайда болуп, калыптанып, өнүгүп, байып-терендеп, кутман калкыбыздын космоско, жаратылышка, жашоо-турмушуна, дегеле адамзат болмушуна карата көп кырдуу мамилелерин туюнтуп турган. Ушуга байланыштуу биздин этносубуз, ата-бабаларыбыз аздектеген материалдык жана руханий баалуулуктар түзүмүн өздөштүрүү, аларды жамааттын, жарандардын зарыл дүйнөсүнө айландыруу, элибиздин салттуу, алгылыктуу акылгөй ойлоруна, мурас-насилдерине астейдил мамиле жасап, заманбап талабына үндөшкөн маанилүү, баалуу жактарын иликтөөгө көңүл буруу зарыл.

Көчмөн цивилизациянын философиясындагы кыргыздардын болмушу, анын эволюциялык табияты көптөгөн социалдык-маданий дөөлөттөрдү жаратып, өнүктүрүп, муундан-муунга, укумдан-тукумга берип, сактап келгендиги белгилүү. Алардын мазмуну материалдык маданий (маселен, турак-жай, кийим-кечек, жашоо-тиричиликке керек болгон буюмдар ж.б.), руханий (көркөм асылдыктар, ой чабыт казынасы, оозеки чыгармачылык, сөз, кеп жана тил маданияты ж.б.у.с.) баалуулуктарды камтыйт. Аталган нарк-насилдер системасы элибиздин салттуу турмуш-тиричилиги, жашоо образы, турак-жайы, ата журту менен шайкеш шартталгандыгы калетсиз акыйкат. Бул өңүттөн алганда боз үй калкыбыздын негизги турагы катары илгерки көчмөндүн жыгач, кийиз, жип-шуудан, териден жасалган, тилинген байлоолордон куралган, көркөм-зергердик, устачылык чыгармачылыгын өзүнө сиңирген турак-жай гана эмес, анын дүйнөтаанымы, ой-чабыты, ыйман-пейили, муундардын ырааттуулугу, маданияты байланышкан, көөнөрбөс руханий мейкиндигин мүнөздөгөн кайталангыс феномен, этностук түшүнүмдөгү жети ыйыктын бири.

Этносубуздун тарыхый-маданий эволюциясы көрсөткөндөй, көчмөн кыргыздардын боз үйү «кылымдарды карыткан» турак жай, көп кырдуу атуулдук чыгармачылыктын, б.а. жарандардын айлана-чөйрөгө карата мамилелеринин, ылайыкташышынын үзүрү, «жемиши», табияттык, социалдык кубулуштарды жалгаштыруунун, бириктирүүнүн натыйжасы, жаратылыштын, татаал турмуш-тиричиликтин алкагындагы көчмөндүн өзүнүн баалуу жашоо сферасын, түнөгүн табуу аракети, анын болмушунун уюштурулушунун «сыйкырдуу» ааламы. Этникалык тарыхтын философиясында уламдан-улам маани-маңызы байып, көркөмдүүлүгү, жашоо-тиричиликке ылайыктуулугу арткан, көчмөн кыргыздын бирден-бир, алмашкыс турагына айланган боз үй илгертен бери сакталып, шөкөттөлгөн өзүнчө бир кайталангыс архитектуралык түзүлүш болуп саналган. Бул турак жайдын турпаты, жасалышы, форуму терең, көп кырдуу этникалык архитектуралык ой-бүтүмдү, жаратман ишмердикти, ички жана сырткы сулуулуктун, кооздуктун шайкештигин, андагы өтүүчү жашоо-тиричиликтин ыңгайлуулугун өзүнө сиңирип турган (ушул жагдайдан алганда отурукташкан кыргыздардын там-ташы, кыштоосу же кыштагы, шаар-калаасы жашоо турактары катары өзүнчө иликтөөнүн зарылдыгын көрсөтөт).

Ата-бабаларыбыз архитектура илими жөнүндө кабары болбогон менен турмуштук, күнүмдүк тажрыйбага, тарыхый этностук көндүмдөргө, салттуулуктарга олуттуу таянуу аркылуу жашоо-тиричиликке ыңгайлуу турагын  же архитектуралык ансамблди түзө алган. Дүйнө элдеринин көптөгөн тарыхый-маданий турак-жайларынын айырмачылыктарын, баалуулуктарын эске алсак, кыргыздардын боз үйү өзгөчөлөнгөн сапат-касиеттерге ээ экендиги белгилүү. Анын аныкталган, такталган, салыштырмалуу туруктуу архитектуралык түзүмү көчмөн цивилизациянын, маданиятынын, жашоо-турмуштун кыйын-кесенделеринин сынагынан өтүп, салттуу этникалык өнүгүүнүн мейкиндик модели, атуулдардын болмушу функцияланган, ата-бабаларыбыз жараткан, түзгөн жасалма космос, этникалык рухтун туюнтулушу, семантикалык мейкиндик (семиосфера) экендигин билдирет [1. 119-б.].

Калкыбыздын биз сөз кылып жаткан архитектуралык нарктуу мурастарды өзүнө сиңирген турагында (боз үйүндө) конуш менен анда жашаган адамдар, боз үй менен аны турактаган жарандар, алар менен табият  көрүнүштөрү бири-бири менен байланышта сезилет. Боз үйдүн (калкыбыздын башка турак-жайларынан айырмаланып) айлана формасында болушу (айлана - телегейи тегиз, туюк, бүтүн фигура) бекеринен эмес, себеби ал  көчмөн шартка, бороон-чапкынга туруктуу, жаан-чачынга ылайыкташуу менен көчүп-конуу зарылдыгына шайкеш келген. Дегеле кылымдардын, доорлордун кыйырында элибиздин негизги турагы болгон боз үй архитектуралык өңүттөн алганда дүйнөнүн символикалык моделинин (маселен, төгөрөктүн төрт бурчун билдирген) адамдардын жаратман ишмердигинин натыйжасында турмуштук-тажрыйбалык туюнтулушу болуп саналат. Бул боз үйдүн түзүмү үч бөлүктөн тураары баарыбызга белгилүү: кереге, уук жана түндүк. Анын керегелери кыймылдуу, «жыйылат-жыгачтары бири-бирине чапташып, кыналып, ташыган-жыйганга оңой: жазылып-керилип, жыгачтары бири-бирин тиреп, кармап-жөлөп, турушу бекем. Уктардын учу түндүккө сайылып, аягы керегенин башына байланат. Курчоо, башка жип-шуулар байланып, чий каланып, кийиз туурдук жабылат» [2, 126-127-бб.]. Натыйжада ар кандай татаал географиялык-климаттык шарттарга туруштук берген, жайында салкын, кышында жылуу, жашоого ыңгайлуу, бекем орногон архитектуралык түзүм курулат.

Кыргыздардын тарыхый-маданий өнүгүүсүнүн контекстиндеги турак-жайдын турпатында боз үйдүн түндүгү өзгөчө символикалык мааниге ээ болгон.  Түндүк, жалпы эле боз үй, асман менен жерди туташтырып турат, б.а. түндүк көчмөндү аалам сферасы (космос, Теңир) менен байланыштырат, ал аркылуу «жылдыздуу асман, булуттуу көк «баш багып», адам баласынын жашоо-тиричилигине аралашып, «кийлигишет». Боз үй түндүк аркылуу асмандан нур-жарык кабыл алып, жаңы жашоо-тирликтин, төрөлүүнүн, жаралуунун белгиси боло алат» [3. 129-б.]. Ушуга байланыштуу бекеринен түрк-монгол маданиятында түндүк ургаачы башаттын белгиси катары эсептелбейт. Ошону менен бирге көчмөндөрдүн

салттуу маданиятында түндүк бакыттын, жакшылыктын, токчулуктун жана туруктуулуктун символу иретинде да мүнөздөлгөн (буга кыргыздардагы айтымдар мисал боло алат: «Түндүктөн куюлуп тургандай», «Бир түндүктөн күн көр», «Түндүгүң оболоп, көтөрүлсүн» ж.б.). Түндүк менен байланышкан бинардык маанидеги башат – бакан болуп саналат, ал боз үйдүн таманынын (кара жер) накта борборунда жайгашып, үйдү тиккенде түндүктү көтөрүүгө мүмкүндүк берет. Мындай жагдайда бакан дүйнөнүн огун туюнтуп эркектик башатты билдирген.

Кутман элибиздин жашоо турагы – боз үйдүн архитектуралык өзгөчөлүгү жөнүндө кеп кылганда анын кереге, ууктарынын символикалык же семантикалык мааниси тууралуу ой-толгоо да талапка ылайык. Ууктар менен керегелер да өзүнчө бир бинардык жуп болуп эсептелет. Ууктар негизинен эркектик башатты мүнөздөсө (маселен, калкыбызда кеңири тараган макал-лакаптар , бул өңүттү чагылдырат: «Уугум сага айтам, уулум сен ук», «уугуң учтуу болсун, уулуң тууштуу болсун»), ал эми керегелер аялдык башатты билдирген («Керегем сага айтам, келиним ук», «Керегең кептүү болсун, келиниң септүү болсун»). Демек, түндүккө сайылып, ууктардын чыгышы аялзатынын уулду төрөшүн, тукумдун уланышын, ууктардын керегеге байлап, бириктирилиши үй-бүлөнүн келечегин символдоштурган.

Көчмөн цивилизациянын диалектикасында адамдардын турак жайы болгон архитектуралык феномен иретинде боз үй «табият-атуулдар (жарандар) - маданият» системасынын шайкеш биримдигин туюнтуп турат. Анын ички түзүлүшү, аянты, эшиги, коломтосу өзүнчө бир социомаданий мейкиндик экендиги белгилүү. Маселен, боз үйдүн эшиги дайыма чыгышты каратылып тигилет, мындай учурда эртең менен күндүн нуру эшиктен кирип, үйгө жарык, жылуулук берет. Боз үйдүн горизонталдык түзүлүшүндө башка орунду очок (коломто) ээлейт, ал бул турак жайдын семантикалык борбору катары эсептелип, анын ичин төрт бөлүккө бөлөт: босого – эшиктен очокко чейинки аралык; төр жак, төр жактан алганда оң жак эркектерге тиешелүү каптал, сол жак - ашкана, аялдарга таандык [4. 63-80-б.]. Кыргыздардын маданий-тарыхый өнүгүүсүндөгү архитектуралык баалуулуктарды эске алсак, боз үйдүн ички түзүмүнүн ар бир элементинин аткарган функциясы, жашоо-турмушка ылайыкталган базийпасы бар, алар мындай туракта адамдардын болмушунун, иш-аракеттеринин, уюштурулушуна кеңири мүмкүндүктөрдү түзгөн. Чындыгында эле боз үйдө элдик каада-салттар, баалуулуктар, көөнөрбөс дөөлөттөр өздөштүрүлүп, муундар арасында ырааттуулук, тукум уулоочулук мааниге ээ болгон.

Жогоруда айтылгандардын негизинде төмөндөгү тыянактарды келтирсек максатка ылайыктуу: а) көчмөндөрдүн маданий-цивилизациялык өнүгүүсүндө нарк-насилдерге сиңирилген материалдык жана руханий дөөлөттөр түзүлүп, калыптангандыгын, өнүккөндүгүн биздин этносубуздун тарыхынын философиясы тастыктайт; б) көчмөн калкыбыздын маданий-руханий жетишкендиктеринин түзүмүндө өзгөчө орунду боз үй феномени ээлейт; ал нечендеген кылымдарды «карыткан» өзгөчө элдик архитектуралык мурас иретинде атуулдарды, жамааттарды табият, социалдык чөйрө, маданият, рух дараметы, дүйнөтааным менен байланыштырган турак-жай болуп эсептелген; в) боз үй өзүнүн турум-турпаты, түзүлүшү боюнча кайталангыс архитектуралык, семантикалык түзүмгө ээ болуп, көчмөндөрдүн табигыйлуулук, социалдуулук жана маданий-рухийлүүлүк менен биримдикте, шайкештикте жашоосуна өбөлгө түзгөн, жарандардын болмушунун уюштурулушунун калетсиз, баалуу турагы катары мааниге ээ болгон.

### Адабияттар тизмеси


1. Осмонова Н.И. Символическая вселенная кочевника: истоки традиционного мировосприятия кыргызов [Текст] / Н.И.Осмонова. -Б.: 2014.
2. Бөкөшов Ж.Б. Салт жана билим [Текст] / Ж.Б.Бөкөшов. - Б.: 2014.
3. Урманбетова Ж.К., Абдрасулов С.М. Истоки и тенденции развития кыргызской культуры [Текст] / Ж.К.Урманбетова, С.М.Абдрасулов. - Б.: 2009.